## СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННАЯ МЕЛИОРАЦИЯ

УДК 631.6

Р.Б. Муканбетова

# МЕЛИОРАЦИЯ: ТАРЫХ САБАКТАРЫ ЖАНА ПРОБЛЕМАЛАР

*Бул макалада Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн маанилүү багыттарынын бири болгон – мелиорация ишиндеги «сенектик» кубулуштардын негизги себептери жана бүгүнкү күндө да мурда (1975-1985-жж.) кетирилген кемчиликтер кайталанып жаткандыгы жөнүндө баяндалат.*

Кыргызстандын шартында жергиликтүү калкты жер менен камсыз кылуу, отурукташтыруу менен түп-тамырынан бери чарбалык укладды өзгөртүү мүмкүн эмес эле. Себеби, чарбалык байланыштардын жаңы формалары, жогорку өндүрүмдүү техникалар, эмгек куралдары зарыл болчу. Өзгөчө ири масштабдагы ирригациялык иш маанилүү эле. Бул иш республикада Орто Азиянын башка республикаларындай эле Совет бийлиги орногондон кийин башталган жана коомдун өнүгүүсүнүн ар бир этабында белгилүү бир деңгээлде бул багытта иш жүргүзүлүп келген. Өзгөчө май (1966-ж.) Пленуму мелиорация иштеринин узак мөөнөттүү, ири масштабдуу программасын кабыл алууда чоң маани берген. Өкмөт тарабынан ар бир гектардан жогорку түшүмдү алуу, жерге аяр мамиле кылуу, илимий-техникалык жана индустриалдык негизде техникалык жактан жетишилген гидромелиоративдик системаларды куруу иштери каралган. Ал эми Кыргызстандын шартында бул программаны ишке ашыруу зарыл эле. Себеби, жеринин 93%ти тоодон турган республиканын айыл чарба өндүрүшү сугат дыйканчылыгына негизделген. Жалпы айдоо жеринин 848 миң гана гектары сугарылат. Бул деген Кыргызстандын жалпы аянтынын 2,3%тине барабар. Бирок ушул бир миллионго жетпеген сугат жер республиканын дыйканчылыгы берген бүткүл жыйымдын 93%тин камсыз кылат. Демек, жерди мелиорациялоо Кыргызстан үчүн канчалык деңгээлде маанилүү экендиги көрүнүп турат.

Бүгүнкү күндө жерди мелиорациялоонун абалы кандай?

Бул суроого жооп издөөдөн мурда, анын 1975-1985-жылдары кандай абалда болгонуна анализ берип көрөлү. Себеби, азыркы учурдагы кризистик абалдын башаты мына ушул жылдарда жатат.

Мелиорациялоо ишин алдыга жылдыруу максатында көптөгөн капиталдык салымдар жумшалган. Мисалы, биз карап жаткан 1975-1985-жылдары мамлекеттин эсебинен 2 миллиард 394 миллион сом акча бөлүнгөн (1,100-б.).

Мунун негизинде суу менен камсыз кылуу жогорулап, 130 миң гектар жаңы айдоо жерлер эксплуатациялоого берилген жана 958 миң гектар жайытка суу чыгарылган (2,10-б.).

Ошентип, Кыргызстандын суу баскан айдоо жерлеринин көлөмү 1 миллион гектардан ашкан. Республикада өндүрүмдүүлүгү секундуна 72 кубометр суу берүүчү 120 дан ашык насостук станциялар курулган. Алардын арасында Куланак, Тепке, Көгарт, Рыбачы, Араван-Ак-Буура, Он-Арча, Шамшы ж.б. ири станциялар бар. Жаңы курулуш менен катар эски сугат жерлерди мелиорациялоо жагын жакшыртуу боюнча да бир кыйла иштер жүргүзүлгөн. Эки миң километрден ашык коллектордук-дренаждык тармактар курулуп, 150 миң гектар шордонгон жерлер гипстелген. 725 миң гектар аянттагы сугат тармагы пайдаланууга берилген (1,100-б.).

Суу чарба уюмдарынын өндүрүштүк базасы бир кыйла чыңдалган. Суу чарбасын башкаруу структурасы өркүндөтүлүп, 1979-жылдан тартып мелиорация жана суу чарба министерствосунун составынан бөлүнүп чыккан түздөн-түз капиталдык суу чарба курулушу менен иш жүргүзгөн өз бет алдынча суу курулуш башкармачылыгы иш алып барган. Натыйжада суу чарба курулушунда болсун, ирригациялык курулуштарды пайдаланууда болсун, башкаруу бир кыйла жакшыртылган.

Бирок, жогоруда биз карап өткөн ийгиликтерге карабастан бул тармакта бир топ кемчиликтер, жаңылыштыктар да орун алган. Курулуш иштерин уюштуруудагы кемчиликтерге байланыштуу бул багытка бөлүштүрүлгөн каражаттар толугу менен пайдаланылган эмес. Жерди жууп тазалоо жана сууну пайдалануунун жаңы ыкмалары аз жайылтылган. Натыйжада, кээ бир колхоз-совхоздордо мамлекеттин мелиорациялоого жумшаган чыгымдарын актоо жай жүргөн. Бөлүнгөн каражаттар толугу менен беш жылдыктарга жумшалбаган, объектилерди өткөрүп берүү мөөнөтү кечиктирилген, ал эми курулуш иштери сапатсыз жүргүзүлгөн. Мисалы, 1975-жылы он айлык план боюнча 19 маанилүү объектилер боюнча 86% ке гана аткарылган. Бул объектилер боюнча 17,0 миллион сом капиталдык салым иштетилген эмес. Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин жана Борбордук Комитетинин «Кургакчылыкка каршы күрөшүү» боюнча чаралары белгилүү деңгээлде орундатылбастан калган. Бекитилген 9 миллион сомдук мамлекеттик капиталдык салымдан 10 айдын ичинде 6,6 миллион сом же 74 проценти, колхоздук каражаттан болсо болгону 42 проценти гана иштетилген(3,9-11-б.). Ал эми 1978-жылдагы мелиорациялоо жана суу чарба Министрлигинин финансылык-чарбалык отчетунун жыйынтыгы боюнча 28 маанилүү объектилер боюнча 11,9 миллион сом акча иштетилбеген, б.а. 3,8 миң га жерди сугаруу жана 6 миң га (3,7-б.) жерди суу менен камсыз кылуусун жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Белгилей кетүүчү нерсе бул кемчиликтер республиканын суу чарба Министрлигинин капиталдык салымдарды пландоодогу шалаакылык мамилесинен болуп отурат.

Кээ бир чарба жетекчилердин чарбасыздыгынын, көңүл кош мамиле кылуусунан улам айыл чарба оборотундагы сугат жерлери иштетилбестен, сугарылбастан калган учурлар болгон. Мындай абалдар Алай, Тянь-Шань, Кант, Сокулук, Москва, Кочкор райондорунда кездешет. Мунун натыйжасында

чарбалар жогорку түшүмдөрдү алууга жетише алышкан эмес. Мисалы, Ош областынын көпчүлүк чарбалары сугат жерлерден ар бир гектардан 10 центнерден кылкандуу дан эгиндерин алышкан. Ушул эле областтын кээ бир чарбаларында гектарынан стабилдүү түрдө 60 центнерден жана андан көбүрөөктөн түшүм алууга жетишкен. Мындай абал республиканын Ысык-Көл, Талас, Нарын областтарында жана Чүй өрөөндөрүндө да кездешет. Бул жерлерде түшүмдүүлүк 18 центнерден 60 центнерге (3,101-б.) чейин жеткен. Түшүм алуудагы айырмачылыктардын негизги себептери эмнеде?

- жер кыртышынын генетикалык составынын ар түрдүүлүгү;
- агротехникалык эрежелердин бузулуусу;
- дыйканчылык маданиятынын төмөндүгү;
- которуштуруп айдоонун жоктугу;
- коллектордук-дренардык тармакты эксплуатациялоонун канааттандырарлык эместиги;
- сугат режиминин бузулуусу;
- жерди иштетүүчүлөрдүн (дыйкандардын) экономикалык кызыкчылыктарынын жоктугу.

Баарыбызга белгилүү болгондой, айыл чарбасын тескөөчүлүк ыкма менен башкарууда дыйкандардын материалдык кызыгуусуна, алардын жерди жакшы иштетүүсүнө, жогорку түшүмдү алуусуна көңүл бурулган эмес. Көпчүлүк айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүүдө дүң сатып ала турган баасы чыгымга учураган. Мындай шартта азык-түлүктүн ар бир кошумча центнери киреше алып келбестен, тескерисинче кошумча чыгымга дуушар болгон. Натыйжада чарбанын жана ар бир жумушчунун материалдык кызыкчылыгы төмөндөгөн. Дыйканчылык ишинде сугат эмгекти эң көп талап кылган процесстердин бири, ошондуктан бул жогорку өндүрүмдүү жамгырлаткыч машиналарды колдонуунун зарылдыгын пайда кылат. Ушуга байланыштуу республикага биз карап жаткан жылдары ар кандай типтеги жамгырлаткыч машиналар келген. Мисалы, 1980-жылдын биринчи январына карата эле колхоз, совхоздордо 1499 жамгырлаткыч машина болгон жана сугаруу техникасынын паркы бул мезгилде 69%ке жаңырган (3,105-б.). Бирок, ушуга карабастан кол менен жер арыктар аркылуу сугаруу иши басымдуулук кылган. Натыйжада көпчүлүк жерлерде оор кол күчү сакталып кала берген. Эмне үчүн? Биринчиден, алынып келинген суу техникаларынын бардыгы толук эксплуатациялоого берилген эмес. Экинчиден, иштөө даярдыгынын төмөнкү сапатта болуусу. Үчүнчүдөн, техникалык тейлөөнүн жоктугу.

Жамгырлаткыч машиналарды жана агрегаттарды техникалык жактан тейлөө Госкомсельхозтехника тарабынан белгилүү децгээлде уюшулган эмес, натыйжада техникалык бузулууларга байланыштуу алар көп убакыт иштебестен туруп калган. Мындай кырдаалдын болушу ремонттоо фондусу менен байланыштуу болгон. Госкомсельхозтехника жана айыл чарба министрлиги участокторду ремонттоо фондулары менен камсыз кылуу маселелерин чече

алышкан эмес.

Республика айыл чарба азык түлүктөрүн, өзгөчө тоют базасынын олуттуу артта калгандыгына байланыштуу мал чарбачылыгынын продуктыларын алууну андан ары көбөйтүүдө бир кыйла кыйынчылыктарды башынан өткөргөн. Андан тышкары которуштуруп айдоодо жер кыртышынын фитосанитардык абалын начарлатууга алып келген кант кызылчасын, пахтанын айдоолорунун көптүгүнөн улам он биринчи беш жылдыкта республиканын чарбалары бул өсүмдүктөрдү, өстүрүп алуу пландарын аткара албай калган. Мисалы, 1975-жылы бир гектардан 375 центнер кант кызылчасы алынса, 1975-жылы бул көрсөткүч «0» (нөлгө) түшүп калган (1,101-б.).

Бирок, белгилей кетүүчү нерсе жерлерди мелиорациялоонун эффективдүүлүгү жөнүндөгү статистикалык маалыматтар партиянын чечимдерин аткаруу ишенимдеринин негизинде «ашыгы» менен аткарылган. Бул республиканын, райондун жетекчилеринин, мелиорация чарбасынын башкармачалыгынын карьера, сыйлыктарга жетүү кызыкчылыктарынан улам келип чыккан десек жаңылышпайбыз. Ал эми статистика кызматкерлери «кошуп жазуулар» боюнча тиешелүү чараларды гана көрбөстөн, алар бул мыйзамсыз «оюндун» активдүү катышуучулары да болушкан.

Ошондуктан «ашыгы» менен аткаруулар, көкөлөтүп мактоолор мелиорация ишинде корректировка кылууну талап кылат.

70-80-жылдардын башында республиканы тынчсыздандырган абал калыптанды. Терс көрүнүштөр суу чарба ишинде да орун алды. Бул болсо «сенектик» кубулуштарга алып келди. Мындай терс көрүнүштөрдүн негизги себептери:

- суу дыйканчылыгындагы өнүгүүнүн экстенсивдүү ыкмасы;
- мелиорация жана суу чарбачылыгына жумшалган инвестициялык саясаттын туура эместиги;
- илимий-техникалык жетишкендиктердин өндүрүшкө жай киргизилиши;
- коррупция жана уурдоо, мамлекеттик каражаттардын чаржайыт колдонулушу;
- кадрларды тандоодогу принциптердин бузулушу;
- мелиораторлордун социалдык чөйрөсүнүн артта калуусу;
- ирригациялык-мелиоративдик курулуштагы катачылыктар.

Мисалы, айыл чарбасына зарыл болгон жайыттарды, чабынды жерлерди культивация кылуу, жер кыртышын эрозиядан сактоо, шордонгон жерлерди гипстөө, жердин кычкылын акиташтоо, кургакчыл райондордогу жайыттарга суу жеткирүү сыяктуу иштерге анча көңүл бурулган эмес. Себеби мындай иштерге көп каражат жумшалбастан арзанга турган. Демек, планды аткарууга болбойт. Ошондуктан ар түрдүү кымбатка туруучу гидро курулуштар проектиленген. Бул болсо көп кылымдык жаратылыш балансынын бузулуусуна алып келген. Кыргызстандын шартында жерди мелиорациялоо менен бирдикте туура сугаруу айыл чарбасынын бардык тармактарынын негизи болуп саналат.

Мелиорациясыз сугат жерлери тез бузулуп, шордонуп, сазга айлануу менен түшүмдүүлүк төмөндөп, экологиялык абалды курчутат.

70-жылдары 80-жылдардын биринчи жарымында жогоруда сөз болгон кемчиликтер, катачылыктар, көңүл кош мамиле кылуудан улам айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү чарбалык иш жүргүзүүсү төмөндөгөн жана ыгы жок «кошуп жазуунун» натыйжасында гана жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Мындай кемчиликтердин натыйжасында азыркы учурдагы кризистик абалга дуушар болдук.

Бүгүнкү күндө бул тармактын абалы өтө оор шартта турууда. Көптөгөн суу тармактарынын абалдарынын начарланышынан жана ыңгайсыз сугаруу шарттарына байланыштуу былтыркы жылы сугат жерлеринин 15,5 миң гектары кайрак жерлерге айланган (4). Мындан сырткары айдоо жерлеринин шордонуу жана сазга айлануу тенденциясы күч алууда. Натыйжада мындай жерлерде түшүмдүүлүк кескин начарлоодо. Мисалы, аз шордонгон жерлерде түшүм 10-20 процентке, орточо шордонгондо 20-50 процентке, күчтүү болгондо 50-80 процентке төмөндөйт (5).

Ошондой эле суу техникаларынын жетишпегендигинен улам азыркы учурда негизги басым кол эмгегине жүктөлүүдө. Жалпы эл массасы үчүн кайрадан жер арыктар аркылуу бир канчалаган гектар жерлерди сугарууга туура келип отурат. Мындай сугарууда көптөгөн суулар коромжуга учуроодо. Мындан сырткары, көпчүлүк айыл жерлеринде мурдагы суу түтүктөрүнүн иштөө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна байланыштуу иче турчу суу маселеси да курч абалда турат.

Ошондуктан биз бул маселени жалпы элдик иш катары кароо менен биринчиден болгондорду:

а) ирригациялык куБулуштарды;

б) ирригациялык техникаларды;

в) ирригациялык жерлердин сапатын сактап калышыбыз зарыл.

Экинчиден бул тармакты андан ары өркүндөтүү керек. Өркүндөтүү үчүн каражат керек. Каражаттарды кайдан табабыз? Буга кам көрүү мамлекеттик саясат. Ушуга байланыштуу мамлекет ар кандай эл аралык уюмдардан жана фонддордон жардам суроого муктаж болууда. Чет өлкөлүк инвесторлордун жардамы менен кредиттик макулдашуу «Ирригациялык системаларды ребилитациялоо» проектисин Кыргызстан менен өнүгүүнүн Эл аралык ассоциясынын ортосунда түзүлгөн жана бул келишим боюнча 35 миллион америкалык доллар көлөмүндөгү проект ишке ашышы керек. Бул проект 13 плотинанын, анын ичинде Орто-Токой, Киров, Кара-Буура жана башка суу сактагычтарды, ошондой эле 40 ирригациялык түйүндөрдүн иштөөсүн камсыз кылышмакчы. Мындан сырткары 28,6 миллион доллар суммадан айыл чарба ирригациялык система боюнча проект дайындалып жатат. Бул проект ирригациялык процесстерди рынок экономикасынын шарттары менен байланыштырып, көптөгөн коллектордук-таркатуучу системаларды кайрадан

калыбына келтирүүгө мүмкүндүк бермекчи. Бул проектилердин канчалык деңгээлде ишке ашышын турмуш өзү көрсөтөөр.

Жыйынтыктап айтканда, бул проблеманын жеке гана мамлекеттик маселе катары карабастан, улуттук маселе катары кароо менен жалпы эл массасы дагы бул ишке колдоо көрсөтүүсү зарыл.

## АДАБИЯТТАР:


1. Народное хозяйство Кирг. ССР в 1985 году. Стат. ежегодник. –Ф., 1986.
2. Кыргызстан айыл чарбасы. 1985. №1.
3. Кыргыз республикасынын БМА СД 56-фонду, 199-оп., 148 дело.
4. А. Акаев. Подъем сельского хозяйства стратегическая задача. // Вечер. Бишкек, 1999. 21-апрель.
5. Мелиорация и повышение плодородия засоленных почв Чуйской долины. –Б., 1991.